**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛАСТЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

talaskenesh@mail.ru
talaskenesh@mail.ru

# Депутаттардын Талас шаардык кенешинин VIII чакырылыштагы кезексиз XXX сессиясынын №211/30-8 ТОКТОМУ

**6-декабрь, 2023-жыл** **Талас шаары**

**Талас шаарынын жергиликтүү бюджетине республикалык бюджеттен берилген 14 431 198 сом максаттуу трансферт акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 2-пункту, "Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин 6-пункту, Талас шаарынын мэриясынын 04.12.2023-жылдагы №01-19/3213 чыгыш сандуу катынын негизинде, Талас шаардык кенешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча" туруктуу комиссиясынын протоколдук сунушун карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кенешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Талас шаарынын 2023-жылга карата жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө республикалык бюджеттен берилген максаттуу трансферт акча каражаты 14431 198 сом суммасында бекитилсин.
2. Талас шаарынын жергиликтүү бюджетине республикалык бюджеттен берилген 14431198 сом максаттуу трансферт акча каражаты жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнөн төмөндөгүдөй бөлүштүрүлүп каржылансын:

- Талас шаарынын көчөлөрүн жарыктандыруу үчүн электр энергиясына 2231 беренесине 450 000 сом, оор жүк ташуучу техника сатып алууга 3112 беренесине 4750000 сом жана А.Оторбаев көчөсүн оңдоо иштерин текшерүү кызматына 2215 беренесине 54000 сом, жалпы 5 254 000 сом акча каражаты Талас шаарына коммуналдык кызмат көрсөтүү боюнча муниципалдык ишканасы аркылуу каржылансын.
- Талас шаарынын мэриясына эмеректерди сатып алууга 3112 беренесине 600000 сом акча каражаты Талас шаарынын мэриясы аркылуу каржылансын.
- Талас шаардык муниципалдык менчик башкармалыгына Талас шаарынын Ч.Сатаев жана А.Огомбаев көчөлөрүнүн кесилишиндеги көмөк чордонду оңдоп-түзөө иштерине 2215 беренесине 60548 сом, Талас шаарындагы №7 орто мектебинин жылуулук системасын оңдоого 2221 беренесине 667400 сом, Талас шаарындагы №1 "Алтын балалык" бала бакчасына от жагуучу меш (печка) сатып алып орнотуу үчүн 2221 беренесине 242 374 сом, Архитектуралык-техникалык шарттарын, архитектуралык-шаар куруу шарттарын жана долбоорлорду даярдоого 2215 беренесине 76 180 сом, муниципалдык жерлердин жана объектилердин ижара акысын эсептөөгө көз карандысыз баалоочуга кредитордук карызын төлөөгө 2215 беренесине 120000 сом жана Талас шаарына коммуналдык кызмат көрсөтүү боюнча муниципалдык ишканасына сатылып алынган 2 даана таштанды ташуучу

атайын техникаларды каттоо жана техникалык паспорт алуу үчүн 2215 беренесине 145000 сом, жалпы 1 311 498 сом акча каражаты Талас шаардык муниципалдык менчик башкармалыгы аркылуу каржылансын.

- "Талас жашыл чарба" муниципалдык ишканасына манипулятор атайын техникасын сатып алууга 3112 беренесине 4672500 сом жана жүк ташуучу техника сатып алууга 3112 беренесине 2563200 сом, жалпы 7235700 сом акча каражаты "Талас жашыл чарба" муниципалдык ишканасы аркылуу каржылансын.
- Талас шаардык өспүрүм балдардын футбол боюнча спорттук мектебинин электр энергиясына 2231 беренесине 30 000 сом акча каражаты Талас шаардык өспүрүм балдардын футбол боюнча спорттук мектеби аркылуу каржылансын.

2. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө жагы Талас шаардык кенешинин жооптуу катчысына (А.Сариева) милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу жагы Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасына (У.Атагелдиев) тапшырылсын.

**Төрага** **К.Джаныбеков**